## Кочкор району

# Ажайып кооз Шиш-Чоку



***Жеке ишкер Болот Асанбеков көптөгөн жылдардан бери Кочкор районундагы кооз жерлерди сүрөткө түшүрүп, туризм тармагын өнүктүрсөм деген аракеттерди көрүп келе жатат. Ал Кочкор өрөөнүндө туризм тармагын өнүктүрүү максатында «Албан тур» фирмасын түзүп жатат. Ошонун негизинде Нарын туризм ассоциациясынын мүчөлөрүн чакырып, алардын чыгымдарын өзү каржылап, «Сарала- Саз» жайлоосуна , «Шиш – Чоку» тоосуна алып барып, сүрөткө, тасмага түшүрткөн.***

Ошону менен бирге «Ортоктун Кара-Тоосундагы» Манастын ору да сүрөткө, тасмага түшүрүлдү. Алар менен кошо Кочкор районунун акиминин биринчи орун басары Нурлан Эшмухамбет уулу чогуу болду.

Нарын туризм ассоциациясын түзүү боюнча иш-чараларды уюштуруучулардын бири Салтанат Эсеналиева Шиш-Чокуга барып келгенден кийин өтө керемет, туризм үчүн ылайыктуу жер экендигин айтты.

Ал өз сөзүндө: «Бизге облус жетекчиси Сабыркул Ашимбаев тарабынан туристтик компаниялардын ишмердүүлүгүнө колдоо көрсөтүү, Нарын туризм ассоциациясын түзүү боюнча тапшырма берилген. Болот Асанбеков агай бизге колдоо көрсөтүп, Кочкордун ажайып жерлерин көрсөтүп берди. Анын туризмди өнүктүрүү боюнча көптөгөн жакшы ойлору бар экен. Шиш-Чокуга жол салса абдан жакшы, ажайып кооз жер экен. Ат туризмин өнүктүрсө, туристтер азыр келсе да болчудай. Болот Асанбеков агайга ыраазычылык билдиребиз»-деди.

«Албан-Тур» фирмасынын жетекчиси Болот Асанбеков жердин керемети тууралуу: «Сарала-Саз жайлоосу ага жанаша жайгашкан Шиш- Чокуга унаа жолу барбайт. Азыр иш-чаранын катышуучулары 3600 метр бийиктикке чейин барып, тасмага түшүрө алды. Бул ажайып чокунун бийиктиги 4400 метрди түзөт. Ал чокуга чыкканда Ысык- Көл, Соң-Көл көлдөрү алаканга салгандай көрүнөт. Бул жерде төрт кичине көл жана төрт шаркыратма орун алган. Ошондой эле тоонун бетинен оргуштап, атырылып суу чыгат. Тоо бетинде бирөөлөр алып баргансып, адамдарды таң калтырган жалгыз тоголок таш бар. Ошондой эле илгери аялдар бала тилеп сыйынып келген мазар таш бар» -деди

Шиш-Чоку Кочкор районундагы эң бийик чокулардын бири. Ал жерде абдан калың мөңгү жатат. Жайгашкан жери боюнча Чүй облусу менен Нарын облусунун чегинен орун алып, Кочкор районунун Кум-Дөбө айылына жана Дөң-Алыш айылына тиешелүү жайлоо болгон менен адамдар бара бербейт экен...